КҮЛСҮМБҮБҮ СООРБЕКОВА

# Келгиле, достор, санайлы!




2020

КҮЛСҮМБҮБҮ СООРБЕКОВА

# Келгиле, достор, санайлы!

КАРА-КӨЛ ШААРДЫК
КИТЕПКАНАСЫ
АБОНЕМЕНТ БӨЛҮМҮ

Билимиңди арттырар,
Китеп – акыл азыгы.
Көп окуган баланын,
Жарык болот чырагы.
Санаганды үйрөнүп,
Биз так болуп туралы.
Бүт достордун көңүлүн,
Кел, эсепке буралы!




## САТЫП АЛДЫМ БЕШ КАЛПАК

Басып барып, жер таптап,
Сатып алдым беш калпак.
Бирди бердим Ашымга,
Экини бердим Касымга,
Бөбөгүңө белек деп,
Бирди бердим Айымга.
Канча калпак калды экен,
Мен кармаган баштыкта?

**ЖЕТИ УЛАК**


Жети улак жетелеп,
Атам кетти базарга.
Бешөө кетсе сатылып,
Канчоо калды катарда?






## СУК САГЫЗГАН

Сук сагызган сугунуп,
Төрт өрүктү жеп кетти.
Аны кууп жүгүрсөм,
Карга бирди жеп кетти,
Бар болчу  менде жети өрүк,
Эми калды канча өрүк?



## КАЛЕМ САП

Алтында алты калем сап,
Жаркында жети калем сап.
Канча болот бардыгы?
Кана, досум, кошуп тап.









## ТАРАНЧЫ

Таранчы канча, карап тур.
Жакшылап ойлоп, санап тур.
Бешөөсү жемди талады,
Алтоосу куртту карады.
Канатын жууп сулуулап,
Үчөөсү бир топ таранды.
Төртөөсү учту асманга,
Бирөөсү түштү кылтакка.
«Беш» деген баа коёбуз,
Бул эсепти тапканга.



## КАРГАЛАР

«Карк-карк» этип көп карга,
Баш оорутту заматта.
Ону конду шашылып,
Жем төгүлгөн тарапка.
Дагы келди сегизи,
Мен толтуруп күчүккө
Куюп койгон тамакка.
Канча карга чогулду?
Кимиң кыйын санакка,
Эсептей кой, баракка!



## КӨПӨЛӨКТӨР

Учуп бир топ көпөлөк,
Көктө жүрдү көкөлөп.
Оң жагымда – үч сары,
Сол жагымда – эки көк.
Кызылы конду колума,
Жашылы болсо – чачыма.
Дирилдетип канатын,
Дагы бир ак – артымда,
Канчоо болот, көрөлү?
Бирден санап берели.








## ЧҮКӨ

Баштыкты алып парчадан,
Бекболот чүкө калчаган.
Санап көрсөк жабылып,
Бир топ чүкө бар экен,
Ичинде бирөө ***хан*** экен.
Эки чүкө ***таа*** турду,
А сегизи ***чик*** түштү.
***Алчы*** турду алтоосу,
***Бөк*** түштү төртөөсү.
Канча чүкө карачы,
Кайра баарын саначы.





## ТООКТОР

Кошунанын үйүндө,
Он беш тоогу ак экен,
А тогузу кара экен.
«Түт, түт» десем угушпай,
Жыйылган чөптү чачышат.
Кетип калбай  кукулдап,
Сүр көргөзүп жатышат.
Канча түок дейт, атакем,
Кошо албадым адашып,
Жардам берчи, санашып.

КАРА-КӨЛ ШААРДЫН
КИТЕПКАНАСЫ
АБОНЕМЕНТ БӨЛҮМҮ
Инв. №



## АЛМА

Эки алма топ этип,
Амандын тийди башына.
Тартып алса бутакты,
Алма тийбей колуна,
Төртөөсү түштү жонуна.
Калганын Айнур караса,
Он сегиз экен санаса.
Канча болот бардыгы,
Кайра баштан санаса?

УДК 821. 51-93
ББК 83.8
С 63

**Соорбекова Күлсүмбүбү**
С 63 **Келгиле, достор, санайлы**. – Б.: «Улуу Тоолор», 2019.
– 16 б.

ISBN 978-9967-29-184-3

**Соорбекова Күлсүмбүбү**

**КЕЛГИЛЕ, ДОСТОР, САНАЙЛЫ**

*Дизайнери* ***Чокотаева Динара***

Офсет кагазы. Кагаздын форматы 60x84 $^{1}/_{16}$.
Көлөмү 1 басма табак. Нускасы 1064.
Буюртма № 215.

«Улуу тоолор» басмасы,
Бишкек шаары, Ю.Абдырахманов көчөсү, 170 «а»,
Тел.: 62-02-13

С 4803300000-19

УДК 821. 51-93
ББК 83.8

ISBN 978-9967-29-184-3
© Соорбекова К., 2019

100с00т

- 1-класс
  - 1.1 деңгээли
  - 1.2 деңгээли
  - 1.3 деңгээли
- 2-класс
  - 2.1 деңгээли
  - 2.2 деңгээли
- 3-класс
  - 3.1 деңгээли
  - 3.2 деңгээли
- 4-класс
  - 4.1 деңгээли
  - 4.2 деңгээли

USDA USAID ОТ АМЕРИКАНСКОГО НАРОДА MERCY CORPS

Бул китеп АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосунун натыйжасында иштелип чыгып, АКШнын айыл чарба департаментинин (USDA) каржылоосу менен Мерсико (Mercy Corps) уюму тарабынан ишке ашырылып жаткан Макговерн-Доулдун «Билим үчүн азык жана балдардын тамактануусу» Программасынын алкагында басылып чыгып, таркатылды.

Бул китептин басылышы АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосунун натыйжасында мүмкүн болду.

Китептин мазмуну АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттигинин же АКШнын Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.